С кырг
Ж 23

ЖАКЫПОВА ЗЕБИХАН

# СЫРЫМДЫ БИЛИП КОЙГУЛА



ОЦБ

Скгр
Ж23

ЖАКЫПОВА ЗЕБИХАН

# СЫРЫМДЫ БИЛИП КОЙГУЛА

*Калайык калкым суранам,*
*Ырымды окуп койгула.*
*Жашоодо колдоо көрбөгөн,*
*Сырымды билип койгула.*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 481 868

Ош – 2019

Токтогул Сатылганов...
Ош облус...
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК84Ки7-5
Ж 12

Ж12 Жакыпова З.
Сырымды билип койгула: Ош 2019;

ISBN 978-9967-18-382-7


*Бул чакан чыгарма, китеп сүйүүчүлөрдү ыр майданында. Ырларында Ата Мекен, туулган жер, эл арасынан жарк этип чыккан таланттарды даңазалоо көп кездешет. Эне баркын барктаган ыр саптары өтө терең.*

Ж 4702300200-17

ISBN 978-9967-18-382-7

УДК 821.51
ББК84Ки7-5
© Жакыпова З. 2019





*Жакыпова Зебихан 1954-жылы Фергана өрөөнүндө Маргилан шаарында туулган. Үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Ош облусунун Ноокат районуна келип жашап калган.*

*1971-жылы Карл Маркс орто мектебин бүтүп, 1971-1972-жылдары Жалал-Абаддагы соода окуу жайын бүтүргөн.*

*1972-жылдан бери соода тармагында иштеп келет.*

*1973-жылы турмушка чыгып, жолдошу экөө 3 уул 1 кыздуу болушкан. 15 небереси бар. Азыр Кыргыз-Ата айылында жашайт. Турмуш шартына байланыштуу азыркы мезгилде Ош шаарында жашап турат.*

*Зебихан Жакыпова ыр жазат. Ырларында нукура өзгөчөлүктөр бар. Ойлору терең табийгатка кызыгуу, Ата журтту даңктоо темалары терең ойлор менен чагылдырылат.*

## БАШ СӨЗ

Пенде көп ойлонот. Адамдын көпчүлүгү эле ички жан дүйнөсүн сыртка сууруп чыгып, ой бөлүшкүсү келе бербейт. Мындайда жан дүйнөгө бүлүк салган башкача, өзгөлөргө окшошпогон купуя сырларды сыр сандыктай сактаган башкачалык оргуп чыккан булактын суусундай тунук көңүл, баамчылдык керек сыяктуу.

Мындайды талант көтөрмөлөп ойдун, ой кырларында туйлаганда гана бийиктик жаралары бышык. Мындай нерселер көпчүлүктө эле байкала бербейт. Ал үчүн жараткан пендеге ыроологон талант, чөйрө көрүнүшүндө байкалган туюмдар болсо гана окшошпогон ойлор оргуган төрт саптар жаралат окшойт. Зебихан эжеде ошондой мүмкүнчүлүктөр бар. Ошондон улам көп түйшүктөнүп ыр кайрыктарын өзгөлөрдөн өзгөчөлөнүп акылынан арнап төрт саптардын түрмөгүн үзгүлтүксүз чиймелеп келет.

Эженин кийинки жараткан ырлары терең мазмуну, эркиндиги жана окурмандын патриоттук сезимдерине бүлүк салгандыгы менен айырмаланып турат. Ал жөнөкөйлүктү жан дүйнөсүнө сиңирип алган. Ырларында жасалмалуулук кездешпейт. Жазган ырларын кооздоп, бүрдөп окурмандарга сунуштоону жанынан жат көрөт. Ырларында Ата Мекен, туулган жер, эл арасынан жарк этип чыккан таланттарды даңазалоо көп кездешет. Эне баркын бркташ ыр саптары өтө терең. Бул "Энелердин атынан" деген ырынан даана сезилип турат.



Зебихан Жакыпованын ыр жазуу манерасы өзгөчө. Уйкаштыктын куу сезилбейт. Ал дайыма ырларында, мазмунду терең маанилүү болуусуна ыктайт. Ошондон улам азыркы тырмак алды жыйнагы окурмандарды кайдыгер калтырбайт деген пикирдебиз.

*М.Жуманазров*
*Журналист, КР журналистер*
*Союзунун мүчөсү*

## КЫРГЫЗ-АТА

Кыргыз Ата өзүңдө жашап келем,
Таңыңды өзүң менен бирге тостум нечен,
Ойлонуп жүрөк ооруп сыздап кетет,
Күн бүтүп коштошуууга туура келсе.

Ойлоп туруп өткөн күндү олтуруп,
Көздөрүмө жаштарымды толтуруп,
Таңдарыңды кайра тоспой калам деп.
Өткөн күндүн аздыгына өкүнүп.

*Ош шаары: 2018 -жыл*

## НООКАТЫМ

Ноокатым көп улутту элден болот,
Мейманды кучаг жайып күлүп тосот.
Ташкындаган талантардын мекенисиң,
Ак элечек байбичең баш обон созот.

Ноокаттын тарыхана из калтырган,
Уркуядай тайманбас кызың чыккан.
Түбөлүк өмүрүн өчпөс кылып,
Тасма тартып дүйнө элин таң калтырган.

Тамекиң «сары алтын» деп атак алган,
Эмгегинен даңкталып батыр чыккан.
Жайлоосуна малы батпай күтүрөсө,
Бактарыңда кызыл алма оттой жанган.



## САГЫНАМЫН ЫССЫК-КӨЛҮМ САГЫНАМЫН

Сагынамын Ыссык-Көлүм сагынамын,
Шамалыдан, ак булуттан салам айткын.
Түрмөктөн ырлар жазып жөнөтүп тур,
Ошумдун тосуп алып Аккууларын.

Сагынамын Ыссык-Көлүм сагынамын,
Жүрөгүм сени эстеп эңсегенде.
Кыялым бирге болгон күндөрүмдөй,
Тынчыбай сен тарапка агыламын

*2017-жыл 18-сентябрь*

## КАРТАЙТБАСТАН САКТАП КАЛЧЫ ӨЗҮМДҮ

Ыссык-Көлүм кучагыңда жатамын,
Ойлоп-ойлоп түркүн ойго батамын.
Өзүң менен бирге болгон күндөрдү,
Жүрөгүмдөн ырга кошуп жазамын.

Ыссык-Көлүм чакырдыңбы боюңа,
Мелтиреген көкмөк тунук оюңа.
Сууларыңдын сыйкырынан сүзүп бер,
Мен айланып кетейинчи Аккууга,
Жомоктордо айтылуучу бир сырга.

Сагынамын Ыссык-Көлүм көкмөк тунук
түсүңдү,
Теңиримде теңдеши жок өзүңдү.
Күнүм өтсө өмүр өтүп баратат,
Картайтбастан сактап калчы өзүмдү.

*2017-жыл 18-август*

## ОО АДАМДАР ОЙЛОНГУЛА БУЛАРДЫ

Бул жашоону жазылбаган закондору тейлейби,
Билимсизден адамдарды ийлейби.
Жазылбаган законуна түшүнбөй,
Бактысыздык жолдорунда бийлейби.

Канчалаган адам жүрөт жол таппай,
Канчалаган адам жүрөт бак таппай.
Канчалаган балдар калды атасыз,
Канчалаган балдар калды апасыз.

Балдар жүрөт арабызда каралбай,
Жүрөк сыздайт ошолорду карай албай.
Кандай жүрөк таштап кетет буларды,
Бир буюмча ордулары сакталбай.

Эмне үчүн мындай жашоо көп болду,
Адамдарың акча үчүн кул болду.
Абирден да, балдардан да өйдө койду акчаны,
Көз караштар ач көздүккө айланды.

Байлыгыңа, бийлигиңе чиренбе,
Ошол байлык бир көз жашка жетеби.
Ошол балдар ыйлагандай туюлат,
Асманыңдан жамгырыңдын жааганы.

Арман менен алсыздыгың жуурулат,
Аргасыздан көздүн жашы куюлат.
Оо адамдар ойлонгула буларды,
Ажырашуу, алмашуулар,
Жакшылыкка алып барбайт.

*Ош -2015-жыл*



## АРМАН

Ак-Бууранын бойлорунда басармын,
Жашап жаткан күндөрүмдү жазармын.
Суудай болуп токтобогон өмүрдүн,
Армандыгын, алсыздыгын жазармын.

Жүрөгүмдө ырлар турат жазылбай
Канчалаган сырлар жатат ачылбай.
Арман толгон бул жашоонун түйшүгүн,
Аргасыздан ак баракка калтырам.

Өңүмдү бырыш басканда,
Карылык келип калганда.
Жүрөгүм тим жатпайбы,
Ырлар аккан булактарга алып барса.
Ошол суудан ичким келип жатпайбы,
Бул булактан кыргызымдын акындары ичишкен,
Ырлардан сузуп кетишкен.

*Ош-2015-ж.*

## СҮЙҮҮДӨ КАЛДЫҢ ЫР БОЛУП

Жакшылык күндү жамынам,
Өткөндү эстеп сагынам.
Ушунча күндү көрсөткөн,
Тагдырым сага жалынам.

Жашоонун көрдүм жыргалын,
Күрпүлдөп аккан сууларын.
Канчалар самап жетпеген,
Сырларын көрдүм, сырларын.

Сакталып калат сыр болуп,
Жүрөктөн бүткөн ыр болуп.
Өкүнбө өмүр, өкүнбө,
Сүйүүдөн калдың ыр болуп.

*Ош-2015-ж.*

## КОРГОНУМ

Бул коргонум канчалаган кубанычымды
көрүштү,
Кучак жайып беттеримден өбүштү.
Мен кайгырып капа болгон кездерде,
Капа болуп кайгымды тең бөлүштү.

Коргонумдан сураймын,
Кана менин гүлдөп турган бактарым.
Кана менин доор сүргөн чактарым,
Кана менин жан шеригим бир адам,
Кана менин ойноп жүргөн балдарым.



Өткөн өмүр жомокторго айланды,
Балдар орду неберege байланды.
Аркабызда, балдарыбыз неберелер калганы,
Бул өмүрдүн эң негизги майрамы.

Небере эмес чеберege жетели,
Бул өмүрдүн мүрөк суусун ичели.
Бул жашоонун тунук суусун кечели,
Ойлоп койгон тилектерге жетели.

*Ош-2015-ж.*

## ТЫНАР КУРБАНАЛИЕВКЕ АРНАЛАТ

Сахнанын көркү ачылып,
Сөздөрдүн кени чачылып.
Тизмектеп сөздөр куюлат,
Биринен бири шаштырып.

Сөздөрдүн чыгып куйкуму,
Калалбайт жалган жашынып.
Жүрөктөн чыгып күлкүлөр,
Залыңдын ичи жаңырып
Элиңдин чери жазылып.

Колумдан келсе эгерде,
Аренда эмес силерге.
Ак сарай куруп бермекмин,
Аптека курбай жериңе.
Даарыны сатпай элиңе,

Сууларга кошуп сөзүңдөн
Күлкүңдөн сатып бермекмин.
Рахман менен Абдылда,
Айтпасам болбойт буларды
Учугун уулайт Тынары.

Ошуңа келсе Тынарым,
Чакырып койгун сурарым.
Сөз жетпейт эми айтканга,
Аз калды өмүр кайтканга.
Сөздөрдүн кенин чубагын,
Сахнанын көргүн убайын.

*10-апрель 2016-жыл Ош шаары*

## БАЛДАРЫМА

Балдарыма өзү дүнүйө,
Кут түшкөн менин үйүмө.
Пирлердин болуп түнөгү,
Пир түнөп калган үйүмө

Небере үнү жаңырып,
Шаңданат коргон күнүгө.
Ойлонгун сөздүн маңызын,
Негизги жашоо агымын.



## БАЗАРЫМА

Чарчадымбы күндө ишке барышка,
Ак-Бууранын боюндагы.
Контейнерди ачышка,
Же чарчадым жолуктарды сатышка.

Мен үй салып же машине албаймын,
Күнүмдүкө тыйын тыпыр табышка.
Жүрөгүмдү алаксытып басышка,
Базарымдан, эл журтумдан,
Кабар алып кайтышка.

*2015-жыл Ош шаары.*

## АК-БУУРАҢ АГЫП ТУРГАНДА

Сайидиң, Зайнап сезгендир,
Жүрөгүм сыздап басканды.
Ак-Буурам өзү көргөндүр,
Боюнда ыйлап жатканды.

Ак-Буура өзү тур деди,
Кайгырбай эми жүр деди.
Карабайт адам мындайда,
Кайгыга башың тунганда.

Көңүлгө абдан түй деди,
Арзыбайт өткөн көз жашка.
Алтын баш аман турганда,
Саидин, Зайнап, Карванин,
Өздөрү колдоп турганда.

Жогуңду өзүм алып барам,
Жаныңда бирге басамын.
Ырыңды кошо жазамын,
Ак-Буураң агып турганда.

*Ош-2015-ж*



## ЖАЛГЫЗ ЭНЕЛЕРГЕ АРНАЛАТ

Себептен себеп болуп,
Шум ажал жан шеригин алып кетти.
Өмүр бою өксүгө салып кетти,
Жашоонун чөлдөрүндө,
Жалгыз эне калып кетти.

Бир адам жок жакшы сөзүн айтарга,
Бир дарак жок саясына катарга.
Ашууга шашып келет жалгыз эне,
Ой чуңкур көптүр али жетишине.

Эненин эңсегени,
Аталар түнөк тапкан.
Карван-Сарай,
Ашуудан эсен-аман өттү эне.
Эңсеген Карван-Сарайга жетти эне.

Теңирим энеге колун сунду,
Ченебестен ырыскысын төгүп турду.
Өмүрдөгү кыйналган, өксүүлөрдү,
Жуулсун деп, ырга айлантып жазды эне.
20.11. 2017-жыл

## КАРЫЛЫККА

Жакшыны көрсөм кубанам,
Жерлерди көрсөм кубарган.
Окшотуп койом адамга,
Түйшүктү тартып улгайган.

Көчөдө келе жатканда,
Көздөрүм түштү карыга.
Доорунда чардап жүргөндүр,
Каткырып ойноп күлгөндүр.

Өмүрдө канча кубандың,
Канчасы жанды талкалап.
Көрбөгөндүр эч нерсе,

Бойлоруң турат калтырап.
Жүдөпсүң эми алсырап,
Буттарың араң шилтенет.
Таякты кармап басканда,

Жүрөгүм кетти зыркырап,
Көзүмдүн жашы кылгырат.
Карылык деген жаманбы,
Кыйнайбы ушинтип адамды

*Ош-2015-ж.*



## ОШ ШААРЫМ УЛАЙТ КАЛГАНДЫ

Жүрөктөн ырды сунамын,
Чындыкты кантип бурамын.
Жакшылык гана каалаймын,
Буулуккан менин бууданым.

Ноокаттын Оштун арасы,
Кара-Суу элдин баласы.
Жарыя кылдым ээлиңе,
Баткендин күйө баласы.

Туштүгүң курбум буларды,
Оозума ырдын булагы.
Ош пирим өзү күбөдүр,
Табышмак жолдо турамын.
Базардын эли көргөндүр,
Башкача ойдо турамын.

Токтогул эми калганды,
Өкүнбөйм өмүр бар дагы.
Камалдым барып туюкка,
Ош шаарым улайт калганды.

*Ош-2015-ж.*

## КААЛОО

Тынчтыкта замана,
Курчалып, гүл толсун айлана.
Ордодо эл журтум бапырап,
Той кылсын күнүгө шаттана.

Заманaны тынчылыка айлантсам,
Жер эненин беттерине гүлдөрүнөн жайнатсам.
Эл журтума ден соолукту тартуулап,
Баштарына бак кушун кондурсам,
Үйлөрүнө жакшылыкты, ынтымакты, ырыскыны
толтурсам.

*Ош – 2015-ж.*

## ЫР КУЧАКТАП КАЙТАЙЫНЧЫ ОШУМА

Ыссык-Көлүм мен үйүмө кайтамын,
Жүрөктөгү арман-сырды бир өзүңө айтамын.
Угуп туруп бир жыйынтык чыгарчы,
Айтып турчу мен ыр кылып жазамын.

Ыссык-Көлүм мен жатууга камындым,
Өзүң менен кечке жүрүп талыктым.
Ырлар жазып коюп кетчи башыма,
Ыр кучактап кайтайынчы Ошума.

*2017-жыл 18-сентябрь*



## ОШ ШААРЫМ УЛАЙТ КАЛГАНДЫ

Жүрөктөн ырды сунамын,
Чындыкты кантип бурамын.
Жакшылык гана каалаймын,
Буулуккан менин бууданым.

Ноокаттын Оштун арасы,
Кара-Суу элдин баласы.
Жарыя кылдым ээлиңе,
Баткендин күйө баласы.

Туштүгүң курбум буларды,
Оозума ырдын булагы.
Ош пирим өзү күбөдүр,
Табышмак жолдо турамын.
Базардын эли көргөндүр,
Башкача ойдо турамын.

Токтогул эми калганды,
Өкүнбөйм өмүр бар дагы.
Камалдым барып туюкка,
Ош шаарым улайт калганды.

*Ош-2015-ж.*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 481868

## КААЛОО

Тынчтыкта замана,
Курчалып, гүл толсун айлана.
Ордодо эл журтум бапырап,
Той кылсын күнүгө шаттана.

Замананы тынчылыка айлантсам,
Жер эненин беттерине гүлдөрүнөн жайнатсам.
Эл журтума ден соолукту тартуулап,
Баштарына бак кушун кондурсам,
Үйлөрүнө жакшылыкты, ынтымакты, ырыскыны
толтурсам.

*Ош – 2015-ж.*

## ЫР КУЧАКТАП КАЙТАЙЫНЧЫ ОШУМА

Ыссык-Көлүм мен үйүмө кайтамын,
Жүрөктөгү арман-сырды бир өзүңө айтамын.
Угуп туруп бир жыйынтык чыгарчы,
Айтып турчу мен ыр кылып жазамын.

Ыссык-Көлүм мен жатууга камындым,
Өзүң менен кечке жүрүп талыктым.
Ырлар жазып коюп кетчи башыма,
Ыр кучактап кайтайынчы Ошума.

*2017-жыл 18-сентябрь*



## АЛЫКУЛГА

Ыссык-Көл бүтпөс дастан экен,
Алыкул жазышка үлгүрбөстөн кайткан экен.
Көлүмдүн ачылбаган сырлары көп,
Адамзат али чечип үлгүрбөгөн.

Көлүмдө Алыкулду эстеп турам,
Рухтары көл ичинде жашап калган.
Ыр жаз деп толкунунда калкыгансыйт,
Угулат кулагыма шыбыраган.

Боюнда нени ойлоп жатты экен,
Болбосо күн кыскарып батты бекен.
Мага окшоп бир өзүңдү кыялбастан,
Аргасыз кош айтышып кайтты бекен.

*2017-жыл 18-август*

## ЖАЗ

Даракта гүлдөр жайнаса
Төгүлүп мөмө байласа
Адамга берген күндөрүң
Гүлдөрдөй болуп жайнаса

Көңүлдөр неге ачылбайт,
Булуттан жамгыр басылбайт.
Жаздагы чыккан көктөмдөн,
Жер бети турат ачылбай.

Шагыңда булбул сайраса,
Табият сунган көрүнүш.

Дарактар гүлдөп бүткөндөй,
Өмүрлөр түгөп калбаса.

*Ош – 2015-ж*

## БУЛАКТАР

Жайлоолорун жашыл жолук салынып,
Коктулардан тунук булак агылып.
Чогулушуп чоң дайрага айланат,
Жер бетине жашоолорду жаңыртып.

Келгилечи суйлошойлу булактар,
Токтобостон өтүп жатат убактар.
Адамзатың кадырыңды баркtасын,
Капа болбой солубастан аккылачы булактар.

Мал, жанына сунуш кылдың булакты,
Ким энсебей өтүп кеткен куракты.
Кайтпастыгын кымбаттыгын сезели,
Булактарга окшогонун убактын.

*Ош – 2015-ж*



## АК-БУУРАНЫН АРМАНЫ

Тирүү болсом сен жөнүндө,
Ырларымды жазамын.
Ак-Бууранын бойлорунда басамын,
Ак-Бууранын бойлорунда кезиккен,
Ошол күндү издеп келе жатамын.

Тагдырым болуп табышмак,
Адамдын ою чечпеген.
Жамгыр болуп сел болду,
Гүлдөрдү жулуп тепсеген.

Экөөбүздүн бирге болгон күндөрдү,
Ыр сабыма жашырам.
Савлаты болду түс болду,
Эрки жок болду жашырган.

Бакытың болдум ыр болдум,
Жашооң болдум сыр болдум.
Арманың болдум кыйнаган,
Эч кимге ачык айтпаган,
Жүрөктү эзип кыйнаган.

Жүрөктөгү сезимдерди туйбастан.
Көз жашымдан мунараны курбастан.
Ойлонбодуң арка алдыңды карабай,
Ортобузда мындай сөздү салбастан,

Нечен жылдар акмаладың артымдан,
Кече албадың жүрөктөгү дартыңдан.
Нээлер болду ортобузда билбедим,

Адаштымбы араң тапкан бактыңдан.

Мени күткөн жолдоруңда эми кантип
басасың,
Кечиккен махабаттан кечип коюп,
Бул сөздөрдү эми кимге айтасың.

Ойлонуп иш кылдыңбы,
Кыргыйек учту туурдан.
Адамдар таап бербеген,
Аллахым өзү туш кылган.

Ырымда айткан бул күндү,
Адамга ыраа көрбөймүн.
Башына салба бул түндү,
Оюмдан кетпей бул күнүм.

Сегиз жыл мурун капыстан,
Ачылды ажал эшиги.
Аргасыз болдум мен буга,
Башымды тартуу кылууга.

Булактай болуп агылган,
Ырларың жерде калбасын.
Деп, жараткан Алла кайтарды,
Кайрадан ырлар жазууга.

Ойлогон оюм көп болду,
Жайлоого чыккан чөп болду.
Жараткан Алла колдой көр,
Жолумдан чыккан көп болду.
Жолумду таап басамын,



Көргөндү сага айтамын.
Жараткан анан кантейин,
Өзүңдөн башка жок болду.

Талаада эккен буудайдан,
Кокпойбу адам кудайдан.
Өрт коюп кете береби,
Ойлонбойбу убалдан.

Күйөмүн дагы жанамын,
Жалынсыз отто жатамын.
Күйгүздү мынча азабың,
Канчага чейин тартамын.

Өзүмдү канча тутсам да,
Туруштук бербей барамын.
Антташкан жалган сөздөрдөн,
Ырга айланып калганмын.

Токтотпосом ырымды,
Жүрөктөн чубайт сырымды.
Ырымдын эмес өзүмдүн,
Билбедиң менин сыйымды.

Алмаштың душман сөзүнө,
Акылдуу болдуң өзүңө.
Өмүрдө бүтпөйт аягы,
Жашынып жерде канганча,
Жүрөктө турат баяны.

Ырымды айткан себебим,
Маңызын чаккын дегеним.

Көктөп турган дарактын,
Тамырын чаап албагын.

Аз гана жалган жашоодо,
Өкүнүп бир күн калбагын.
Ырымдын бүтпөйт аягы,
Жолумда турат баяны.

Телефон саат сайын чакырган,
Жолдорумда күтүп туруп жалынган.
Ошол күндү эңсеп келе жатамын,
Ошол күндү ойлоп келе жатамын.

*Ош-2015-ж.*



## ЫР КАЙРЫКТАРЫ

Жашоом да коштоп келди дүнүйө,
Чиренбедим байлыгымдын күнүнө.
Адам ордун жоготпоюн жашоодо,
Сактап келдим жүрөгүмдө дүнүйө.

Күндөрүм өтүп куюндай,
Жаштыгым кетти туюлбай.
Убакыт ушунча тар болду,
Уйкуга көзүм зар болду.

Бул өмүрдүн чыйыры жок жолдорунда басамын,
Калагым жок сууларында агамын.
Үмүт үзбөй жакшылыкка умтулуп,
Болуп калар менин дагы катарым.

Айтып кетем жашоодогу күнүмдү,
Тартып келген өмүрдөгү жүгүмдү.
Барды жокту акыл күчү чечпестен,
Акча үчүн байланды.

Бассам-турсам ойлор келет алдыма,
Канча өмүр калып калды артымда.
Ушул күндөн пайдаланып калбастан,
Өтүп кеткен күндөрүмдү таппастан.
Тынч жүрө албай далбас урам ар качан.

***

Ош булбулум неге мынча сайрайсың,
Шактан шакка учуп конуп адамдарды карайсың.
Бул жерлерде нени издеп жатасың,
Айтып койчу жүрөгүңдүн капасын.

Кээ күндөрү билмексенге аламын,
Кээ күндөрү көрмөксөнгө саламын.
Адамдардын кара мүртөз жактарын,
Көрүп туруп жүрөк ооруп ичтен сызып каламын.

Адамдарды бирдей кылып жараттың,
Ырыскыны бирдей кылып тараттың.
Бири-бирине жардам колун сунбастан,
Бири-бирине ичтерине найза кармап турбастан.
Бири-бирине жакшылыкты кылбайбы,
Ушунчалык жаман ойго барбастан.

Кайсы жолдон басайын,
Же аркага кайтайын.
Жашоодо чындык жоктугун,
Мен кимдерге айтайын.

***

Кадыр түнүм куш келипсиң түнүмө,
Жакшылыкты аябастан берип кетчи күнүмө.
Уйкусуздук түндөрүмдөн чарчадым,
Шерик болуп түнөп кетчи үйүмө.

Ойлоп көрчү бактылуусуң энеден,
Толкуп турган деңиздеги кемедей.
Кайда жүрсө ошол сенин балдарың,
Кыргызымдын каны согот денеде.



Бул жашоодон калды бекен көңүлүм,
Кайда кетти гүлдөп турган өмүрүм.
Дарактарга жалбырагын төккөндөй,
Таппай калдым жүрөгүмдүн түпкүрдөгү
көңүлүн.

Бул жашоого мен суктанып караймын,
Жакшылыктын көп болушун самаймын.
Кайда болсо адамзаатың тынч болуп,
Өмүрлөрдү сүрүүсүнү каалаймын.

Бул өмүрүң кинобу же конокпу,
Тарыхта жазылуучу жомокпу.
Ойлоп туруп мен таң калып отурам,
Сөзүм жетпейт тарых кылып жазууга.
Кудурет жок тасма кылып тартууга.

Ыр жазамын таңда кечте отуруп,
Жүрөк сырын ак кагазга толтуруп.
Толкун болуп өтүп кеткен күндөрдү,
Көз алдыма элестери тартылат.
Ойго кетем мен ойлонуп отуруп.

Карылыктын белгилерин басамын,
Күнүм өтүп мен улгайып жатамын.
Акыл жетсе күнүм жетпес өмүрдү,
Ырга кошуп бүгүн жазып жатамын.

Акыл жетип көз көргөндү айтармын,
Күнүм бүтсө мен да бир күн кайтармын.
Ушул ырды окуп калса эл-журтум,
Бир күн келип тарыхтарда айтарын.

Күндөн-күнгө күнүм кымбат көрүнөт,
Өткөн күнүм көз алдыма үйүлөт.
Үлгүрбөймүн кандай арга табышка,
Убакытым токтоп турса не болот.

Мен өзүмө суроо берем өзүмө,
Каарылыгың келип калды алдыңа.
Дагы канча күнүң күтүп жатканын,
Билбейсиң го күйүп бышып чамынба.

Жаркырап күнүң тийбесе,
Дарактын гүлү ачылбайт.
Төгүлүп мөмө жайнаган,
Дарактын көркү ачылбайт.

Бозоргон туман каптаса,
Жамгырды төгүп басылбайт.
Максатың ишке ашпаса,
Көңүлүң такыр ачылбайт.
Жүрөккө күнүң тийбесе,
Жашоонун көркү ачылбайт.
Булуттар каптап калгандай,
Жашооң кайта жашынат.

Кадырла өткөн күнүңдө,
Тынчтыкты берген түнүңдү.
Тынч аман таңды көргөнгө,
Ыраазы болуп күнүңө.

Жай таштап басып кадамды,
Ойлонуп күндө адамды.



Жашоодо муну көп көрдүм,
Башымдан өзүм өткөрдүм.

Ойлономун жолдо басканда,
Адамдар келе жатканда.
Жандары бирдей жаралса,
Жүрөгү согот ар башка
Ойлору неге ар башка.

*29.09.17-жыл.*

***

Рысбай отурупсуң үйүмдө,
Көпүрөнү кыялбастан күнүгө.
Күндө кирип түшүмө,
Рысбайың аян берип өзүмө.
Чанда келчү бул аяндын сырына,
Ыр жазууга жетелейби бул күндө.

Дос күттүм достой болуп жүрө албады,
Жар күттүм жардай болуп күлө албадым.
Баардыгы кадырымды барктабастан,
Эч кими өз ордуну биле албады.

Дарактын баргтарына эсеп жетпей
Адамдын кадырына адам жетпейт,
Бул өмүр тарыхтарда жазылгандай,
Кайрылбастан бир келип өтүп кетмей.

*20.11.2017-жыл*

***

Билинип турат жүзүңдөн,
Билимсиз азап чеккениң.
Жүрөгүң эңсеп жетпеген,
Жүдөттү арман тилегиң.

Жамалың эңсеп самайымың,
Жолуңду күндө караймын.
Жүрөгүң күйүп жандырган,
Жок чыгар мендей адамың.

*Ош шаары 2017-жыл декабрь*

***

Жамалың эңсеп самаймын.
Жолуңду улам караймын.
Өткөргөн ошол күндөрдү,
Кайрадан кантип табамын.

Көчө бойлоп мен ойлонуп баратам,
Бул жолдорду кандай адам жараткан.
Жол боюнда суусун кошо агызып,
Айткылачы муну кимдер жараткан.
Жол жүргөндө адамдарың чаңкабасын
дегенсип,
Оо теңирим мунун өзү жараткан.

Жакшылыкты бүт бардыгын көп көрдүм,
Бул жашоодо мен башымдан өткөрдүм.
Көзүм менен көрүп турам баардыгын,



Жалгыздыгым, алсыздыгым,
Кыйналууну өткөрдүм.

*2016-жыл февраль Ош шаары.*

***

Калайык калкым суранам,
Ырымды окуп койгула.
Жашоодо колдоо көрбөгөн,
Сырымды билип койгула.

Түшүнгөнгө колдоо болуп калармын,
Ыр дүйнөнүн жолдорунда басармын.
Ырысбайды, Жолондорду баш кылып,
Кыргызымдын акындарын жазармын.

Ушул китеп калаар элдин колунда,
Ушул өмүр коштоп келди жолумда.
Кандай болгон адамдыгым билгизип,
Эли жерим эстеп коер соңунда.

*10-апрель 2016-жыл Ош шаары*

***

Ырларым келип агылса,
Кандай сөз жазсам жарашып.
Ыр болуп жашап калышса,
Ырлардын болуп түнөгү
Жазылып калса тарыхта.

Өмүр болду байлыгымда дүнүйөм,
Жашап келдим мен ушуга сүйүнөм.

Өмүр болсо жашоо өзү уланат,
Түркүн жолдор өзү келип куралат.

Кандай болуп өмүрлөрдү өткөрдүң,
Өкүнбөгөн адам барбы көп көрдүм.
Канчалаган жашоо кымбат экенин,
Жаратканың ченебестен көп бердиң.

Бакытты пулга сатып алалбайсың,
Өмүрдү кармап алып калалбайсың.
Жашоого бир келүүчү коноксуң сен,
Эч качан бул дүйнөдө калалбайсың.

Барчылыкта үйүм толо эл болду,
Досу-жарым тууган урук көп болду.
Турмуш мени көлөкөгө салганда,
Жамгыр болуп сел агызып кеткендей.
Таанып билген досу тууган жок болду.

Улгайдың деп сунуш турат алдымда,
Алгым келбейт бул күндөрдү мойнума.
Түшкүм келбейт каарылыктын жолуна,
Оо, теңирим мен даярмын кайтууга.
Кыйнабастан алып кеткин,
Оо жер эне койнуңа.

Бул жашоодо ар кыл гүлдү теремин,
Эл- журттума ырларымды гүлдестедей
беремин.
Колдоом жок, таанышым жок ырыма,
Сезип турам сыйкыр күчүн табияттым
берерин.



Көз караштар бүт акчага байлангандай,
Жашоолор жалгандарга айлангандай.
Аксаткын, Кишимжандай бололбастан,
сүйүүлөр самапалга айлангандай.

Нуруңдан чачып кетчи жамалыма,
Алсыздык, өкүнүү жашап келген караныма.
Кайдыгер боло көрбө адамыңа,
Нурларың төгүлсүнчү кадамыма.
*Ош шаары! 06.06.2016-жыл.*

***

Жүрөккө күнүң тийбесе,
Жашоонун көркү ачылбайт.
Булуттар каптап калгандай,
Жашооң кайта жашынат.

Кадырла өткөн күнүңдө,
Тынчтыкты берген түнүңдү.
Тынч аман таңды көргөнгө,
Ыраазы болгун күнүңө.

Жай таштап басып кадамды,
Ойлоймун күндө адамды.
Жашоодо муну көп көрдүм,
Башымдан өзүм өткөрдүм.

Ойлоймун жолдо басканда,
Адамдар келе жатканда.
Жандары бирдей жаралса,

Жүрөгү согот ар башка,
Ойлору неге ар башка.

*29.09.2017-жыл*

***

Ырларымды акындарым талкуула,
Окшотуп кой жалгыз учкан Аккуугга.
Көл үстүндө сүзүп жүрүп чарчаган,
Түгөйүнү издеп жүргөн Аккуугга.

Издеймин деп Ырысбайың ырдаган,
Сагындырып кимдер сени кыйнаган.
Издеп жүрүп жетпегенге нээ себеп,
Жашооңда жипсиз сени байлаган.

Жүрөгүм тынчыбастан туйлап жатат.
Ойлоймун кандай ойлор кыйнап жатат.
Өмүрдүн өткөргөн сабакттары,
Көзүмдөн тасмадай тартылып өтүп жатат.

Өмүрдү көп суроолор кыйнап келди,
Жүрөгүм чындык издеп ыйлап келди.
Ойлонуп тереңине көңүл бурсаң,
Чынында бул дүнүйө,
Бул жашооң жалган нерсе.

Үлгүрдүм мен китеп кылып жазганга,
Жүрөк сырын ак кагазга катканга.
Өкүнбөйүн бул жашоого эч качан,
Азда болсо элим үчүн,
Из калтырып жатканга.



Өзүң берген бул өмүрдү таза тутуп
барктайын,
Ич деп берген бул сууңду ылай кылбай
сактайын.
Канча өмүр канча күндү жашарымды
билбеймин,
Азда болсо эл алдында,
Жеген тузду актайын.

Ойлонуп кадам таштайлы,
Жакшылык иштн баштайлы.
Напсинин кулу болбостон,
Адамдык атты сактайлы.

*Ош шаары. 25.07.2018.*

***

Аттиң деймин өткөн өмүр күнүмө,
Өкүнөмүн үзүлбөстөн калып кеткен гүлүмө.
Соолубаган өмүр гүлү,
Жашайт экен түбөлүк.
Жүрөгүңдүн түбүндө.

Кол жетип тоо боорунан гүлдөр тердим
Эркелеп заманама кучак кердим
Энчиленген касиеттүү сыйкырынан
Жаратканга миң мертебе таазим бердим

Айлана жарык карасаң
Аралап Ошту баратам
Жүрөгүм сыздап муңканып
Өткөндү эстеп баратам.

Дарыя суусу шар агат
Бойлорунда карагат
Табият жасап коюптур
Бул күндөр сага аманат.

Ыссык -Көлүм кыргыз үчүн ыйыксын
Эл жерине энчиленген ырыскы
Көрүп туруп толкуңдай тынчыбай
Кыргызыма кут береке өзүңсүң.

*Ош шаары, 2018-жыл*

***

Адамдык келбет менен көрүнөмүн,
Жүрөктө башка ойго бөлүнөмүн.
Табият сыйкыр күчү жетелеген,
Ойлордун деңизинде чөмүлөмүн.

Деңиздей сапырылып толкуп жаткан,
Куш болуп кетейинчи канат каккан.
Жараткан жолдорумдан адаштырбай,
Сыйкырлап алып кетчи Ош тараптан.

Ак кептерим куш келипсин багыма,
Учуп кетпей конуп турчу шагында.
Жүрөгүмдөн көп арзууга жетпедим,
Кетип калбай түнөп калчы багымда.

Убакыт учкан куштай зымырады,
Жолдорумда бурганак көз ачырбайт.
Чилденин аязында калганымдай,
Жашоодо бүт айланам тушалгандай.



Жөнөдүм мен Баткениме сапарга,
Жаратканым кошуп койчу акын деген катарга.
Өмүрүмдө бактылуумун деп сезем,
Ноокат менен Баткенимди туташтырып
жатканга.

*7-сентябь 2018-жыл Ош шары*

***

Башымдан өткөн күндөрдү,
Тарыхка жазып калтырсам,
Ырларымды элиме,
Ак-Буурадай агызсам.

Турмуштун тар жолунда басып жатам,
Жүрөктүн чечилбеген сырын ачам.
Коз жашты сыя кылып жазып жатам,
Жалгандын кайыгына түшө албастан,
Чындыктын кайыгында азап тартам.

Убакыт ушунчалык тар болобу,
Жүрөктөр түгөй таппай зар болобу?
Көп көрдүм залакасын,
Түшүргөн жүрөктөргө жаракасын.

*Ош шаары: 24.01.2019ж.*

***

Кара-Кой шаркырап туптунук суусу акса,
Токойдо куштары сайрап жатса.
Табият тирүүлүктө энчисине
Бейиштей жерлерини берип жатса.

Жаз-Токой таштарыны эсептеп көр,
Издерим таштарга окшоп калып кетти.
Канча жыл мээнет кылдым,
Сел менен агып кетти.

Он беш жылдык өмүрүм,
Швелдин ашуусунда калып кетти.
Кара -Кой суусу акса
Өмүрдү уулап жатса
Түгөнбөс байлык болуп
Жер эне ырыскы чачса.

*Ош шаары, 2018-жыл 16-октябрь*



## РЫСБАЙ АБДЫКАДЫРОВГО

Улуу инсан келет неге күнүгө,
Басып жүрөт көпүрөнүн үстүндө.
Эл журтунан кабар алып кетеби?
Кийип алган ак плашын үстүнө.

Рысбай деген ырчысын,
Ак-Буура катып алгансыйт.
Шаркырап аккан суусунда
Рысбай ырдап жаткансыйт.

Үңөлүп суну карасам,
Элеси суда тургансыйт.
Издеймин деген ырлары,
Сууларда агып жаткансыйт.
Сагынуу деген ырлары,
Суу менен кошо аккансыйт.

Сулайман-Тоону Рысбай,
Үлүшүнө алганбы.
Бул дүнүйө жалган деп,
Эрте кетип калганбы.

Аталардын мурасын,
Өзүм коргоп жатам деп.
Ырлар менен шашылып,
Коргон кылып салганбы.

*20.11.2017- жыл*

## ГҮЛДӨРДӨН ҮЗҮП ТАГАЙЫН

Карыдың эми тим жат деп,
Айтпагын ини-агайын.
Өмүрдүн калган күнүнө,
Гүлдөрдөн үзүп тагайын.

Жүрөктүн сырын чечкенге,
Өмүрдү коштоп кеткенге.
Курчалып жашоо алсызга,
Чыгалбай келди алдыга.

Жашоодо болгон чечендер,
Арманда өткөн нечендер.
Жүрөгүң эңсеп туйласа,
Тизгиндей албайт эчкимдер.
Карыдым десем күн сайын,
Жүрөгүм туйлайт тынчыбай.
Аз калган менин күнүмдө,
Аргымак болуп арыштайт.

Өзгөрдү жашоо баарысы,
Табылбай жүрөк дарысы.
Табият өзү тандаган,
Окшобойт экен баарысы.

Асмандан жамгыр төгүлсө,
Жер жүзү бүтүн жуулат.
Жакшынын айткан сөзүнөн,
Жашооң кайта жаңырат.



Алганым болуп жанымда,
Аксарай курсак дечи элек.
Балдардын көрүп убайын,
Сарпайын кийсек дечи элек.

Алганым болбой жанымда,
Уйкусуз болду түндөрүм.
Жүрөктүн сыры чечилбей,
Аргасыз болду күндөрүм.

Өмүрдүн гүлдөп төгүлгөн
Гүлдөрүң кууп бүттүбү.
Күн тийген күндү билбестен,
Доорумду сүрүп бүтүмбү.

Өткөргөн ушул күнүмдү,
Кыялбай турам өзүмдү.
Жамгырдай болуп төгүлөт,
Тыялбай турам көзүмдү.

Ушунча күндү өткөргөн,
Ишенбейт менин жүрөгүм.
Аз гана жалган өмүрдө,
Из калсын деген тилегим.

Жазамын ырды жазамын,
Жүрөктүн сырын ачамын.
Ырларым элди аралап,
Жай уктап качан жатамын.

Жашоонун алоолонтуп отун жактым,
Бак тигип, мал дүнүйө дагы таптым.

Тактым мен бриллиант, алтын баарысыны,
Табалбай издеп келем жүрөгүмдүн
дарысыны.

Гүлдөрдү үзүп теремин,
Сөздөрдү терем керегин.
Табият өзү коштосун,
Доопирлер берсин олжосун.

*29.09.2017-жыл*

## ТАБИЯТКА

Табият гүлдөр жайнап бактарында,
Түркүн куш сайрап конуп шактарында.
Табият бир сулуулук жаратыпсың,
Сөз менен айтып бүткүс бул ааламда.

Табият төрт мезгилиң жомоктордой,
Адамзат келип кетчү коноктордой.
Талашпай мезгилдериң өз ордуна,
Унчукпай кезек келсе жөнөп кетмей.

Табият адамдардан таарындыңбы,
Өткөргөн тынч күндөрдү сагындыңбы.
Жер жүзү бүчүр байлап гүл жайнаган,
Жер эне ошол күндү сагындыңбы.



***

Мен дагы ошол күндөрүмдү сагынамын,
Айла жок бул жашоого багынамын.
Жүрөгүм толкундардай тынчыбастан,
Айланып көз жаштарга агыламын.

*Ош шаары, 2017-жыл декабрь*

## ӨМҮРЛҮК ЖАРГА

Күнүмдүккө өмүрлүгүм багынып,
Мен жүрөмүн өткөн күндү сагынып.
Жүрөктөгү сүйүнүчкө шерик жок,
Жашап келем жалгаздыкты жамынып.

Жүрөгүмдүн кеми болдуң чегинен,
Өмүрдөгү өксү болдуң кемиген.
Тең көрбөдүк күндүн чыгып батканын,
Тең көрбөдүк өмүрлөрдүн калганын.

Тең кийбедик кийимдерин сарпайын,
Тең көрбөдүк балдарыңдын тапканын.

*Ош- 2015-жыл*

## ӨКҮНҮҮ

Көчө тыптынч түндөр күнгө айланат,
Өмүрлөрүм күндөрүмө байланат.
Ырлар жазып мен ойлонуп олтурам,
Бир күн келип жер энеге айланам.

Оо жер эне, кучагында мен беймарал жатамын,
Көрбөй калам күндүн чыгып батканын.
Көрбөй калам көчөлөрдө адамдардын басканын,
Көрбөй калам балдарымдын коргонума кайтканын.

*Ош – 2015-ж*

## МЕЛИС МЫРЗАКМАТОВГО

Ош пиримиң Ак-Бурааң да сүйүнүп,
Мелисиңдин сүрөттөрү көчөлөргө илинип.
Элдериңдин тынчтыгыны калкалап,
Саясаттын күчтөрүнө ийилип.

Ата-Мекен партияда болбойсуң,
Элдериңдин тынчтыгыны ойлойсуң.
Эне боздоп бала жетим болбосун,
Жигиттериң шейит болуп калбасын.

Ош пиримди кайгы каптап калбасын,
Деп жигиттик сөздөрүңдү аткардың.
Күйүп турган жалындарды,
Суу ордуна сөзүң менен кайтардың.



Табияттым аян берет өзүңдөн,
Жигит сөздүк курч мүнөздүү түсүңдөн.
Айта берсем түгөтө албайм сөзүмдү,
Ырга айлантып кошуп койдум,
Мелис иним өзүңдү.
Мезгил өтөр күндөр келер бир күнү,
Ош пиримиң, Ак-Бурааң да күтүп жүрөт
өзүңдү.

Ош шаарында өзүң иштеп каларсың,
Көпүрөнү кайра оңдоп саларсың.

Жашоо жолу ушуларга алып барды,
Жүрөгүң да чындык издеп жатпайбы.
Мелисим бир күн келет деп.
Ош пиримиң,
Ак-Бурааңда, сени күтүп жатпайбы.

*Ош -2015 15-сентябрь*

## ЖҮРӨКТӨРДҮН КАГЫШКАНЫ БИР БОЛЧУ

Келеби деп күндө жолду караймын,
Жүрөк эңсеп бир өзүңдү самаймын.
Унута албай жашоомдо өзүңдү,
Уйкусуздук түндөрүмдөн жададым.

Көчө толо эл ичинде барамын,
Башкачадыр адамдардан жамалың.
Жүрөктөрдүн кагышканы бир болчу,
Аттиң эми кайдан издеп табамын.

Куттуң мени ал жерге мен барбадым,
Түштөрүмдө аян берет барганың.
Ойлоп коюп мен да жүрөм сагынып,
Түшүнөмүн, арга жоктур ал жашоону
тандадың.

*Ош шаары, 27.11.2018.*

## РЫСБАЙ МЕНЕН ЖОЛОНГО

Мен келе жаткан жолдоруңда,
Рысбайлар Жолондоруң баскандыр.
Ак Буура да Рухтары да,
Ырларын ырдап жаткандыр.

Ырысбай менен Жолондор,
Көп жашаса болбойбу,
Кыргызымдын ыр кендери толбойбу,
Туштугумдун чек арасын.
Талаштырбай ар кимге,
Ырлар менен чеп тургузса болбойбу.

Жолону ырын окуса,
Рысбай обон салгансыйт.
Токтогул деген паркында,
Куштарга окшоп калгансыйт.

*Ош-2015-ж*



## САМАП КҮТҮП ЖҮРГӨНДҮР

Экообуздун бирге болгон күндөргө,
Сайид, Зайнап, Ак-Бууралар күбөдүр.
Канча күндөр айга айланып жылдар болуп
өткөндүр,
Канча өмүр гүлүн гүлдөп бүткөндүр.

Экөөбүздүн бирге болгон күндөрдө,
Сайид Зайнап бирге жүрүп күткөндүр.
Канча кыштар, жазга айланып өткөндүр,
Нечен гүлдөр гүлүн гүлдөп төккөндүр.

Экөөбүздүн бирге болгон күндөрдө,
Сайид Зайнап кошо жүрүп күткөндүр.
Ортобузда солубаган сүйүү гүлү бүткөндүр,
Ак Бууранда өзүңдү,
Самап күтүп жүргөндүр.

*Ош – 2015-ж*

## ЭНЕЛЕРДИН АТЫНАН

Эне болдум бүт ааламга тараган,
Жакшылыкты көз жашымдан жаратам.
Балдарымды сагынганда буркурап,
Жолдорумда ыйлап кетип баратам.
Көргөндөрдү таң калтырып каратам…

Өмүр деген өтөт экен заматта,
Үлгүрбөдүм арка алдымды карашка.
Бала төрөп эл журтуңа калтыруу,
Парзың окшойт өмүрүңдүн алдында.

Шүгүрчүлүк келтиремин эне болгон атыма,
Кур койбодуң аял болгон затыңа.
Ушул өзү мага байлык дүнүйө,
Жаратканың берип койдуң бала деген
бактыңдан.

*Ош-2015-ж.*

## ЖАШАП КЕЛЕМ КЫРГЫЗ АТА ЖЕРИНДЕ

Ноокатта жашап өткөнүм,
Жашоо үчүн канча жашым төккөнүм.
Баткендиктер эстеп койор эжесин,
Ноокаттыкка келин болуп түшкөнүн.

Правдада чырпык сымал өстүм мен,
Правданын таңдарыны тостум мен.
Сууларыны, туздарыны ичтим мен,
Бала кезим өттү ушул жерлерде.

Убак келип узатылдым,
Кыргыз ата эллине,
Жашап келем Кыргыз ата жеринде.

Ноокатта жашап өткөнүм,
Бир келип кеткен өмүрдүн.
Өткүндөй болуп төккөнүн,
Табалбай калдым көктөмүн,
Табалбай жүрөм көктөмүн.

*Ош – 2015-ж*



## ЖАҢЫ КӨПҮРӨ

Жаңы бүткөн көпүрөдө басайын,
Мен ырымды жазайын.
Жаны бүткөн көпүрөңдө дөө пирлериң түнөсүн,
Элдерине тынчтык бакыт тилесин.

Көпүрөгүм жакшылыкты, ынтымакты ала кел,
Адамдардын жүрөгүнө жакшы ойлор сала кел.
Кыргыз-өзбек бөлүнбөстөн эч качан,
Ош шаарымда доор сүрсүн ар адам.
Көпүрөнү салгандарга оомат келсин куюлуп,
Агып турсун Ак-Буурам да таштан-ташка
урунуп.
Мурас болсун Ош шаарымдын элине,
Ырыскыны ташып турсун жерине.

Көпүрөдө ырларымды жазайын,
Бул жашоонун жакшы жагын айтайын.
Айта берсем түгөтө албайм көпүрөдөн сөзүмдү,
Ырга айлантып кошуп койдум көпүрөгүм өзүңдү.

Ош шаарымдын,
Жаңы бүткөн көпүрөңдө басамын.
Өткөн-кеткен сырларымды өзүңөргө айтамын,
Элге тынчтык, бак тилеп,
Жаңы бүткөн көпүрөңдө турамын.
Асман ачык күн тийип турушуну,
Жаратканда суранып,
Базарыма мен ишиме кайтамын.

*21.12.2015-ж.*

## АК-БУУРА МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Ак-Бууранын  бойлорунда олтурам,
Кучагымды ырларыма толтурам.
Жер эненин беттерине
Сепким келди ырлардан,
Гүлгө айлантып толтуруп.

Ак-Бууранын шаркырап  тез акканы,
Адамдардан капа болуп жатканы.
Оо адамдар көңүл буруп койгула,
Суу ичинде таштандынын жатканы.

Күндөр  келип боюңдагы ашканалар алынар,
Көңүл бурчу адамдарың табылар.
Бойлоруңда гүл өстүрүп жайнаган,
Күндөр келип гүл бакчага айланар.

Капа болбой агып турчу Ак-Буурам,
Сага окшоп адамдардан жүрөк ооруп мен
турам.

Колдоп койчу көңүл бурчу чыгаар деп,
Ойлоп коюп мен боюңда олтурам.

Канча жылдар актың экен Ошуңда,
Нечен сырлар калды экен койнуңда.
Адамдардан капа болбо суранам,
Өмүр коштоп ага бергин,
Кылымдардан кылымга.

*Ош-2015-ж.*



## ӨМҮР

Өмүр деген токтобойбу ушинтип,
Карматбаган тоонун бүркүт кушундай.
Түшүндүм эми мен буга,
Жараткан Алла адамды,
Сыйкырлайт экен ушундай.

Мезгил өттү, күндөр өттү тез эле,
Жаздар өттү, кыш да келген кез эле.
Өмүрүм канча калды экен,
Оорудан бербе бир күнүм.

Ойлонтот жашоо бул күнүң,
Ойготот ойдун түркүнүн.
Өмүрүм да кышка айланып баратат,
Мезгилдердей токтото албайм эч эле.

Ойлоном түндө жатканда,
Түйшүктү тартпай калганда.
Тирүүлүк ушундай сыйкырбы,
Өмүрлөр кайтып жатканда.

Таң атып күндөр кеч кирет,
Бул күндү кимдер  эскербейт.
Өмүрлөр ушундай өттүбү,
Дарактар баркин төккөндөй,
Жамгыр жаап өткөндөй.

*Ош-2015-ж*

## ЫССЫК-КӨЛ

Жети жылда быйыл бардым Чолпон-Ата
көлүнө,
Сууларында токтобостон чөмүлөм.
Чыккым келбейт кучагынан суулардын,
Калгым келди кумга айланып көмүлө.

Бойлорунда өзүң менен сүйлөшүп,
Жаткым келди Ыссык-Көл.
Алыкулдай ырлар жазып,
Калгым келди Ыссык-Көл.

Ыссык-Көлүм түштөрүмө аян берип,
Лимузинге саласың.
Кетпегин деп,
Чакыргансып кол булгалап каласың.

Аман болсом Ыссык-Көлүм,
Дагы өзүңө барамын.
Ыссык-Көлүм сени кошуп,
Канчалаган ырларымды жазамын.

*Ош-2015-ж.*



## ТАБИЯТ

Табият энем сундубу,
Же мени байкап турдубу.
Суулары да, куштары да, дарактар да сүйлөшөт.
Жүрөгүмдү ыр жазгын деп күүлөшөт.

Табиятым жаратканбы изинен,
Же жасаган болотунун мизинен.
Канчалаган кыйынчылык тартсам да,
Башымды ийип
Көз каранды болгум келбейт кишиге.

*Ош-2015-ж.*

## АЙЫЛЫМ

Кайда барсам айылымды эстеймин,
Кайда жүрсөм ушул жерди эңсеймин.
Канчалаган ызат-урмат көрсөм да,
Айылымда жүргөнүмдөй сезбеймин.

Өмүрүмдүн жаштык жакшы күндөрүн,
Айылымда өткөрдүм.
Бала жытын өзүңдө,
Эң биринчи өпкөнмүн.

Айылымда өткөргөн жаштыгымды сагынам,
Кайталангыс бир келбес күндөрүмдү сагынам.
Алдей айтып уктабаган түндөрүмдү сагынам,
Иштен келген убагында жүрүшкөн балдарымды
сагынам.

Миң бир түнгө айланган,
Ыр болдуң менин айылым.
Сөз менен айтып түгөткүс,
Байлыгым болдуң айылым.

Жар ордуна коргогон,
Коргонум болдуң айылым.
Түйшүк тарткан күндөрдө,
Бел болдуң менин айылым.

Эл журт болуп аркамда
Балдарым туруп алдымда,
Ымам атам жер берип узатышса сапарга.
Айылымдан бул менин эң акыркы тилегим,
Айылымдан бул менин эң акыркы тилегим.

Каалоо айтам элиме,
Кайтып калган убагым.
Бүт ааламды чогулткан,
Ушул Алтын турагым.

## ДИН ИЛИМДЕРИНЕ

Дин илимдин агымдары көбөйдү,
Оо, кыргызым бул агымдан кайткыла.
Аталбаган бул кийимдер кыргызга,
Аллахымдын үйлөрүндө олтурган.
Илимдүүлөр имамдары,
Ата салтын бузбайлы,
Деп калкыңарга айткыла.



Көчөлөрдүн бойлорунда,
Катар-катар заңгыраган.
Үйлөр турат салынган,
Ичтеринде канчалаган.
Адам чечип бүтпөгөн,
Муңдар турат.

Жесир, жетим кароосуздар көбөйдү,
Бул кыргызга жаман белги деп турам.

*Ош – 2015-ж*

## ЖАРАТКАНГА

Жаратканга жүрөктөгү сырымды төккүм келет,
Ааламды ыр менен өпкүм келет.
Өмүр түгөп бүткөн кезде,
Асманда куш болуп учкум келет.

Жаратканым дагы канча керекмин,
Өмүр деген белегиңден бергенсиң.
Ош шаарыма өзүң алып келгенсиң,
Канчалаган адамдардын ичинен
Бактыңдан да, ырыскыңдан бөлүп мага
бергенсиң.

Жараткан жер бетине ушунча назы нематыңды,
Жөн гана жеп туруп кетким келбейт.
Алтымыш жыл жегенимди,
Ааламга кайрадан ыр кылып сепким келет.

Дилдериме ширин сөздөр айттырат,
Кадамдарым жакшы жолго бастырат.
Шүгүрчүлүк келтиремин ушуга,
Жаратканым энчисинен тартуулап.

Адамдардын мен караймын жүзүнө,
Жаратканым берип койду жүрөгүмө дүнүйө.
Дагы канча жашарымды билбеймин,
Ырларымды тартуу кылам элиме.

*Ош - 2015ж.*

## АК БУУРАГА

Ак бууранын бойлорунда,
Мен күнүгө басамын,
Иштер менен ар тарапка шашамын.
Барып кел деп узаткансып каласың,
Мени кайра тосуп күтүп аласың.

Ош жеримдин жашоосу сен билгенге,
Колуң сунуп кучак жайып келгенге.
Сени менен Ошум сулуу көрүнөт,
Ортолукта агып жатсаң кериле.

Сени көрсөм кубат алам өзүмө,
Сөз табалбай жарашыктуу өзүңө.
Жүрөктөгү капалыктар жазылат,
Сенин өзүң көзгө уруна түшкөндө.

Ырлар жазам бир өзүңө арнаган,
Жүрөктөгү сырлар менен толтурам.



Ак сүйүүгө күбө болуп жүргүн деп,
Тилеп-тилеп мен боюңда олтурам.

## ЖЫЛДЫЗДАР

Оо жылдыздар нени ойлоп карайсың,
Адамдарга жакшылыктар самайсың.
Оо жылдызым сени карап олтурам,
Жүрөгүмө жакшы ойлор толтурам

Жылдыздардан мончок кылып
Таштап кетчи колума
Таң калтырып адамдарды
Мен тагайын мойнума.

*Ош шаары 06.06.2016-жыл*

## ЯПОН ДЕҢИЗИ

Япон деген деңизинде чөмүлдүм,
Бойлорунда кумга жатып көмүлдүм.
Бул жерлерди канча кыргыз басты экен,
Канча кыргыз туздарынан татты экен.

Кээ күндөрү кыргыз издеп зарыктың,
Кээ күндөрү оору болуп айыктың.
Ошолор да жыргап өмүр сүрүшкөн,
Күндө ойноп күлүшкөн.

Канча кыргыз эл жерин эңсеп кайтты экен,
Канча кыргыз мүрзө болуп калды экен.

*Ош-2015-ж.*



## АДАМДАРГА ТИЛЕГИМ

Ой адамдар кайда шашып барасың,
Жүрөгүндө нени ойлоп жатасың.
Алла таала жараттыбы силерди,
Бул жашоонун түркүн-түркүн сыноосуну
басасың.

Кандайсын деп ал сураган,
Адамдардын болоорунун тилеймин.
Бул жашоодо отүп жаткан,
Омүрлордүн капа болбой.

Кайтышыны тилеймин,
Адамдардын бир бирине.
Мээрим тогүп,
Отүшүнү тилеймин.
Басып жүргон жолдорундан,
Адамдардын арасынан.
Жакшылыкты издеймин,
Бардык адам,
Ден соолукта жүрүшүнү тилеймин.

*Ош – 2015-ж*

## АЛЫКУЛГА

Ыссык-Көлүм Алыкулуң ушул жерде бастыбы,
Бойлоруңда ушул кумда жаттыбы.
Жүрөктөгү арман толгон муңдарың,
Ыргы айлантып ушул жерде жаздыбы.

Эмне үчүн аз болду экен өмүрлөр,
Жашоолору толбодубу көңүлдөй.
Бул дүйнөнүн жалгандыгын сезишип,
Чын дүйнөгө шаштыңарбы тезирек.

Нечен жылдар мурун айткан,
Алыкулуң акының.
Ээ Россиям койнуң кенен,
Тоо кушуну батыргын.
Тоо кушуну сактап бергин,
Таптап бергин кыргызга.
Ээй, Россиям! суранычы,
Бир өзүңдөн акындын.

*Ош – 2015-ж*



## ЖИГИТТЕРГЕ

Жүрөктөн чыккан бул ырлар,
Жүрөккө барып уюса.
Жүрөктөн жалын чачырап,
Тоолорго барып урулса.
Тоолордон булак куюлса,
Булактын суусу шаркырап.
Таштарда өсүп гүлдөрү,
Жер жүзүн тынчтык каптаса.

Ааламды тынчтык каптаса,
Жигиттер тулпар таптаса.
Сүйүүгө адам бек туруп,
Эл жерин кошо даңктаса.

*Ош – 2015-ж*

## КАРА-КОЙ ЖАЙЛООСУНДА

Тоо койнунда баратам,
Коз чаптырып айлананы карасам,
Буруксуган жайлоо жыты урунат,
Шаркыраган суунун үнү угулат.

Жайлоосу жашыл маиса оронуптур,
Тоолору бири-бирине жөнөтүлүптүр,
Коктудан шаркыраган тунук суулар,
Кайтадан жашоолорго өмүр улар.

Тирүүлүк бейишиндей көрүнөсүн,
Жерлерден бир башкача бөлүнөсүн,
Жараткан көңүл коюп жасагандай,
Жомокто айтылгандын өзүндөйсүң.

Тоолорду коргон кылып жасагандай,
Атайлап кайың-арча толтургандай,
Туптунук Кара-Кой дарыясы,
Шаркырап койнунда агып жатар.

*Ош шаары: 7-сентябрь 2018-жыл.*



## КӨК КЫТАН

Кадырың, баркыңды эч ким билбейт,
Асманда учуп жүргөн канаттуу деп,
Өзгөчө бир башкача жасалгансың,
Жер жүзүнө жакшылыкка жаралгансың.

Көк кытан асманыңдын периштеси,
Канаттуу бир өзүңө тең келбеген.
Белгисиз көрүнбөгөн ооматсың сен,
Жериңе ырыскыны төгүп берген.

*Ош шаары: 7.09.2018-ж.*

## УЛГАЙУУГА СЕЙИЛ БАГЫН КУРАЙЫН

Өттү өмүр от учкунга айланып,
Өттү өмүр бул жашоого байланып,
Өкүнгөндөй өмүр турат алдында,
Өткөн күндүн саясына айланып.

Өткөн өмүр, өтмүш болуп калганын,
Жаратканым кайсы жолго салганы,
Улгайуунун белгилерин жөнөтүп,
Кара чачтар аппак болуп турганы,

Кыш чилденин бубагына айланып.
Оо өмүрүм токтоп турчу шашпагын,
Өткөн күндү көмүскөгө катпагын,
Издер калсын жашоо өмүр күнүмдөн,
Улгайууга сейил багын курайын.

*Ош шары, 2018-жыл 16-октябрь*

## АППАК АЙ

Аппак ай мен өзүңдү көрүп турам,
Көктөгү санааларга чөгүп турам,
Жашынмак ойногондой көрүнөсүң,
Жарк этип булуттан сен бөлүнөсүң.

Адамды өзүң көккө каратасың,
Ойлуудай сызып кайда баратасьщ,
Күзөтүп адамдарды таң атканча,
Күндүзү жатасыңбы дем алышта,
Өз ордуңду бошотуп күнүм сага.

*Ошшаары: 7.09.2018-ж.*



## ФАРГАНАМДЫ САГЫНАМЫН

Кучак жайып тосуп турган,
Фарганамды сагындым мен.
Жаркыраган жолдорумда,
Гүл өстүргөн бойлорунда.
Ар эшикте жүзүм бышкан,
Көчөлөрдү сагындым мен.

Ысык бышкан нандарыны,
Келиң, келиң деп турушкан.
Энелерди сагындым мен,
Күн белгилеп күтүп жүргөн.
Анарханды, Азизаны, Адинаны,
Сагындым мен.

Багы толгон гиластарды,
Колум менен үзүп жеген.
күндөрүмдү сагындым мен,
Багы толгон анар, жүзүм,
Фарганамды сагындым мен.

Тавакалдын, Ахунжандын,
Ырларыны сагындым мен.
Туулган жер эли туулган,
Таанышларды сагындым мен.
Бүт баардыгын сагындым мен,
Фарганамды сагындым мен.

*2016-жыл феврaль Ош шаары.*

## ЫРЛАРЫМА

Бассам турсам ыр сабына чатышам,
Тизмектешип сөздөр өзү катышкан.
Жазбай койсом капа болуп кайтышкан,
Кээ күндөрү чакырсам да тарынып,
Келбей коюуп жатышкан.

Ырлар келип калганда,
Жүрөгүмдүн сыр сандыгын ачкыла.
Ырларымды чачыладай,
Эл журтума чачкыла.

Ырлар келип калганда,
Шашып жүрүп жазамын.
Күтпөй кетип калышат,
Анан кантип табамын.

Кимден сурап жазамын,
Кимден сурап аламын.
Ырысбай Жолон келеби,
Рухтары айтып береби.
Же пирлер айтып турабы,
Дилдериме сунабы.

Күн –түн ойлоп жатамын,
Ыр жолунда басамын.
Менин жазган ырларым,
Өз ордуңу табабы.
Аз да болсо ыр сүйгөн,
Адамдарга жагабы.

*21.12.2015-ж.*



## ТОЛГОНУУЛАР

Танды аман көрөмбү,
Жер суумду өбөмбү.
Дагы канча жашаймын,
Асман айды көрөмбү.

Өмүр өтүп күндөр өтүп баратат,
Жүрөктөгү эңсөөлөрдү баспастан.
Кандай болот из калтырып кайтпасам,
Деп ойлосом капа болуп кайгырам.
Жаратқандан карыздар болуп калбасам,
Жеген нанды тузумду,
Ырым менен кайтарсам.

Газетадан ырларымды окуп турам,
Жүрогүмдон козүмдон жаш куюлуп толкуп турам.

Жаратканга мин мертебе ыраазымын,
Ушунчалык акылды, ден-соолукту берип турган.

Үлгүромбү ырларымды китеп кылып жазышка,
Өмүрлөрүм күндөн күнгө менден кетип жатышса.

Жаратканга суроо берем өзүмчө,
Адамзатка өмүр неге аз мынча.

Канча калды күндөрүмдөн кеткенге,
Канча калды өмүр деген мөрөйүмө жеткенге.

Мөөрөйүмдө жеңилдимби жеңдимби,
Аркамдагы элим баалайт кеткенде.

Ушул китеп калар элдин колунда,
Ушул өмүр коштоп келди жолумда.
Кандай болгон адамдыгым билгизип,
Эли жерим эстеп койор соңунда.

*21.12.2015ж.*



## ЭСКЕРТМЕЛЕР ҮЧҮН

1. Мен бул китепти окуп
[illegible]. жөнөкөй тил менен
жакшы жазылыптыр.
Исмарбеков Бүркүт
Ноокат району Кара-Кой айылы
авторун жакшы тааныбым

## МАЗМУНУ


Баш сөз.......... 4
Кыргыз-Ата.......... 5
Ноокатым.......... 6
Сагынамын Ысссык-Көлүм сагынамын.......... 7
Картайтбастан сактап калчы өзүмдү.......... 7
Оо адамдар ойлонгула буларды.......... 8
Арман.......... 9
Сүйүүдө калдың ыр болуп.......... 10
Коргонум.......... 10
Тынар Курбаналиевке.......... 11
Балдарыма.......... 12
Базарыма.......... 13
Ак-Бууран агып турганда.......... 14
Жалгыз энелерге арналат.......... 15
Карылыкка.......... 16
Ош шаарым улайт калганды.......... 17
Каалоо.......... 18
Ыр кучактап кайтайынчы Ошума.......... 18
Алыкулга.......... 19
Жаз.......... 19
Булактар.......... 20
Ак-Бууранын арманы.......... 21
Ыр кайрыктары.......... 25
Жүрөккө күнүң тийбесе.......... 33
Ырларымды акындарым талкуула.......... 34
Аттиң деймин өткөн өмүр күнүмө.......... 35
Адамдык келбет менен көрүнөмүн.......... 36
Башымдан өткөн күндөрдү.......... 37
Кара-Кой шаркырап туптунук суусу акса.......... 37
Рысбай Абдыкадыровго.......... 39





Гүлдөрдөн үзүп тагайын.......... 40
Табиятка.......... 42
Мен дагы ошол күндөрүмдү сагынамын.......... 43
Өмүрлүк жарга.......... 43
Өкүнүү.......... 44
Мелис Мырзакматовго.......... 44
Жүрөктөрдүн кагышканы бир болчу.......... 45
Рысбай менен Жолонго.......... 46
Самап күтүп жүргөндүр.......... 47
Энелердин атынан.......... 47
Жашап келем Кыргыз Ата жеринде.......... 48
Жаңы көпүрө.......... 49
Ак-Буура менен сүйлөшүү.......... 50
Өмүр.......... 51
Ыссык-Көл.......... 52
Табият.......... 53
Айылым.......... 53
Дин илимдерине.......... 54
Жаратканга.......... 55
Ак буурага.......... 56
Жылдыздар.......... 57
Япон деңизи.......... 58
Адамдарга тилегим.......... 59
Алыкулга.......... 60
Жигиттерге.......... 61
Кара-Кой жайлоосунда.......... 62
Көк кытан.......... 63
Улгайууга сейил багын курайын.......... 64
Аппак ай.......... 64
Фарганамды сагынамын.......... 65
Ырларыма.......... 66
Толгонуулар.......... 67

ЖАКЫПОВА ЗЕБИХАН

# СЫРЫМДЫ БИЛИП КОЙГУЛА

Редактор: М.Кожоев
Техредактор: А.Тойчубаев
Корректор: Асан Каримов

Терүүгө берилди 20.11.2018-ж. Басууга 13.06.2019-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 4,5 б.т. Буйрутма №55. Нускасы 300 д.

Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.
Тел.: моб +996 778 50 04 88